# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ
# ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ

| КАРАЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| Окумуштуулар кеңешинин № 1 протоколу<br>"8" 09 202 5 -ж. | Кыргызстан ислам университетинин ректору, проф.<br>__________ Нарматов А.И.<br>" 8 " 09 202 5 -ж. |

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**Профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө ЖОБО**

**(мамлекеттик эмес жогорку кесиптик билим берүү уюму үчүн)**

Бишкек-202 5

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Ушул Жобо Кыргызстан Ислам Университетинде (мындан ары – КИУ) профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары – ПОК) кызмат орундарын ээлөө тартибин, конкурстук өнөктүктү уюштуруунун негизги эрежелерин жана талаптарын аныктайт.
2. Жобо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүгө байланыштуу башка ченемдик укуктук актыларына таянып иштелип чыккан жана КИУда милдеттүү колдонулат.
3. КИУнун ПОК курамына конкурстук негизде кызмат ордун ээлеген окутуучулар (ассистенттер), улук окутуучулар, доценттер, профессорлор кирет.
4. Конкурстун максаты — Кыргызстандын Ислам Университетинин бош кызмат орундарын ээлөөгө тиешелүү теориялык жана практикалык даярдыгы бар, сапаттуу окутуу жана илимий изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди тандоо.
5. Профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө конкурстук негизде **5 жылга чейинки мөөнөткө** жүргүзүлөт.
6. Профессор жана доцент кызмат орундарына илимий даражасы жок адистер белгиленген тартипте катыша алышат (искусство, дене тарбия, диний окуу багыттары, тил кафедралары сыяктуу), эгер аларда:
   - жарык көргөн илимий же окуу-методикалык эмгектери бар болсо;
   - 10 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык стажы бар профессор же 5 жыл стажы бар доцент болсо.
7. Профессор кызмат орду үчүн талапкерлер:
   - илимдин доктору же илимдин кандидаты даражасы,
   - доцент илимий наамы бар адистер.
     Талапкердин рецензияланган журналдардагы илимий эмгектери болууга тийиш. Басылмалардын минималдуу саны КИУ тарабынан аныкталат.
8. Доцент кызмат ордуна:
   - илимдин кандидаты, же
   - профили боюнча PhD/доктор даражасы бар адистер катыша алат. Басылмалардын саны КИУ тарабынан аныкталат.
9. Улук окутуучу кызмат ордуна:
   - магистр/адис деңгээлинде жогорку билими бар;
   - 3 жылдан кем эмес педагогикалык стажы;
   - рецензияланган басылмаларда жарыяланган илимий эмгектери бар адистер катыша алат.
10. Окутуучу (ассистент) кызмат ордуна:

- магистр же адис даражасы бар адистер кабыл алынат.
  Илимий даража талап кылынбайт.

11. Конкурстун жалпы тартиби ушул Жобо менен жөнгө салынат.
12. КИУ ректору айрым категориядагы адистер менен **конкурстан тышкары** 1 окуу жылына келишим түзүүгө укуктуу. Алар:

- өндүрүштүк адистер;
- саат менен иштеген окутуучулар;
- пенсия курагындагы адистер;
- бала күтүү өргүүсүнөн кайткандар.
  Ошондой эле окуу жылы башында курч кадр муктаждыгы жаралганда мөөнөттүү келишим түзүүгө жол берилет.

13. Бир жылдык келишим окуу жылы аяктаганда өзүндөй токтойт.
14. Окутуучу өз милдетин аткарса, кафедра жана факультет жетекчисинин сунушу менен келишим кайрадан узартылышы мүмкүн.

**2-глава. ПОКтун бош кызмат орундарын конкурстук негизде ээлөө тартиби**

15. Ректор жыл сайын жаңы окуу жылына карата бош кызмат орундарын толтуруу боюнча **конкурс графигин** бекитет.
16. Конкурс жөнүндө маалымат:

- ЖМКларда,
- КИУнун расмий сайтында,
- ИИМ же мамлекеттик билим берүү ресурстарында (зарыл болсо) жарыяланат.

17. Конкурс жарыялоо чечимин ректор кабыл алат.
18. Жарыяда көрсөтүлөт:

- бош кызмат орду;
- талаптар;
- керектелген документтер;
- мөөнөтү;
- дарек, байланыш телефон.

19. Документтер бир ай ичинде кабыл алынат.
20. Талапкерлер тапшырат:

- арыз;
- өздүк баракча;
- CV;
- мүнөздөмө;
- илимий жана окуу-методикалык эмгектердин тизмеси;
- билим, наам, даража, сыйлыктар боюнча документтердин көчүрмөлөрү.

21. Кафедра жыйынында талапкерлер өз ишмердүүлүгү тууралуу маалымат берет.

22. Кафедра ачык добуш берүү аркылуу сунуштама кабыл алып, 3 күн ичинде конкурстук комиссияга өткөрөт.
23. Беш жылга шайланган окутуучулардын мөөнөтү бүтө элек болсо, мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүлбөйт.
24. Конкурстук комиссия ректор тарабынан бир жылга түзүлөт.
25. Комиссия курамы:

- окуу иштери боюнча проректор (төрага),
- факультет жана кафедра өкүлдөрү,
- кадр бөлүмү,
- профсоюз жана коомдук уюмдар.

26. Комиссия сунуштамасы протокол менен таризделет.
27. КИУнун бүтүрүүчүлөрү (бакалавр, магистр), аспирантураны же докторантураны аяктаган адистер конкурстан тышкары кабыл алынат — **3 жылдык мөөнөткө**.

## 3-глава. Конкурс өткөрүү жол-жобосу

28. Конкурс КИУ Окумуштуулар Кеңешинде **жашыруун добуш берүү** менен өткөрүлөт.
29. Талапкерлердин тизмеси жыйналышка 10 күн калганда жарыяланат.
30. Добуш берүү алдында кафедранын жана комиссиянын корутундулары окулат.
31. Бюллетеньде талапкерлер алфавиттик тартипте жайгаштырылат.
32. Талапкерлер жыйналышка катыша алышат.
33. Добуштарды эсептөө үчүн комиссия түзүлөт.
34. Эсептөө протоколу бекитилет.
35. Жыйын мыйзамдуу болушу үчүн Кеңештин 2/3 бөлүгү катышууга тийиш.
36. Добуштардын **жарымынан көбүн алган** талапкер жеңишке жетет.
37. Эгер бир да кандидат көп добуш албаса — экинчи тур өткөрүлөт. Экинчи турда эң көп добуш алган **2 талапкер** калат.
Эгер экинчи турда да добуштар тең чыкса – конкурс өтпөгөн деп эсептелет.
38. Талапкерлер жок болсо – конкурс өтпөйт.
39. Талаптарга жооп берген адам табылбаса – конкурс кайра жарыяланат.
40. Жыйынтыгы талапкерлерге **1 ай ичинде** жазуу түрүндө билдирилет.
41. Жыйынтык ректордун буйругу менен бекитилет.

## 4-глава. Келишимди токтотуунун негиздери

42. Конкурстан өтпөгөн же катышпаган окутуучулар мөөнөтү бүткөн соң иштен бошотулат.
43. Ректор келишимди мөөнөтүнөн мурда токтото алат:

- штат кыскартылганда;

- ден соолугу ишке жол бербесе;
- келишим талаптарын бузганда;
- Эмгек кодексиндеги башка негиздер боюнча.

44. Окутуучунун кызматка ылайыктуулугу тууралуу маселе Окумуштуулар Кеңешине чыгарылышы мүмкүн.
45. Окумуштуулар Кеңеши караганга чейин атайын комиссия окутуучунун ишин текшерет.
46. Төмөнкү көрсөткүчтөрдө жумуштан бошотууга жол берилет:

- лекцияларды сапатсыз окуу;
- практикалык/семинардык сабактарды талаптагыдай өтпөө;
- илимий/методикалык иште төмөн көрсөткүч;
- тарбиялык иште алсыздык.

47. Адеп-ахлактык бузуулар үчүн бошотуу — жамаат же профсоюз макулдугу менен жүргүзүлөт.

**5-глава. Эмгек келишиминин мазмуну**

48. Келишимде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- кызмат орду;
- кафедра;
- келишим түрү;
- иш режими;
- эмгек акы шарттары.

49. Окутуучунун милдеттери:

- жеке иш планын аткаруу;
- уставды жана ички тартипти сактоо;
- сабак өткөрө албаган учурда администрацияга убагында билдирүү.

50. Окутуучу укуктуу:

- окутуунун методдорун тандоого;
- лаборатория, ресурстарды пайдаланууга;
- студенттерди даярдоонун сапатына коюлган талаптарды аныктоого.

51. Администрациянын милдеттери:

- иш шарттарын камсыз кылуу;
- өзгөрүүлөр жөнүндө убагында билдирүү;
- эмгек коопсуздугун камсыз кылуу.